*ДОЛБООР*

# Жалпы билим берүү системасы 12-жылдыкка өткөн шартта жогорку жана орто кесиптик-педагогикалык билим берүү сапатына тышкы мониторинг жүргүзүү КОНЦЕПЦИЯСЫ

## Киришүү

Жогорку жана орто кесиптик педагогикалык билим берүү сапатына мониторинг жүргүзүү концепциясы (далее – Концепция) Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрь № 221 Жарлыгы менен бекитилген 2018-2040-жылдары ыргыз Республикасынын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясына (мындан ары – Стратегия) ылайык жогорку жана орто кесиптик педагогикалык билим берүү сапатын жогорулатуу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын улуттук билим берүү моделинин өнүгүшүнө багытталган "Алтын Казык" программасын ишке ашыруу жана Кыргыз Республикасында 12-жылдык жалпы билим берүү системасына өтүү шартында жогорку жана орто кесиптик педагогикалык билим берүүнү трансформациялоо боюнча Жол картасын ишке ашыруу максатында даярдалды.

Стратегияда дүйнөдө жана аймакта татаал жана тез өзгөрүп турган экономикалык абал, коомдук жашоонун негизги тармактарын жана глобалдык экономика секторлорун камтыган санариптик трансформация, Жердин экосистемасына адамзаттын басымдарынын өсүшү, анын таасиринен глобалдык климат жана демографияда көрүнө баштаган өзгөрүүлөр мамлекеттин өнүгүүсүнүн жаңы моделин түзүүнү талап кылары белгиленген. Жашоонун сапаты жана деңгээли, адамдын укуктары жана милдеттери мамлекеттик саясаттын борборуна коюлган.

Кыргыз Республикасынын 2018–2040-жылдары өнүктүрүүнүн Улуттук Стратегиясы адамды өнүктүрүүгө шарт түзүп, өлкөбүздө жашап жаткан ар бир кишинин потенциалын ачууга, анын коопсуздугун жана жакшы жашоосун камсыздоого багытталган. Адам ресурстарын өнүктүрүү жаатындагы мамлекеттик саясат Улуттук квалификациялык системаны киргизүү жана өркүндөтүүгө негизделген. Орто жана жогорку кесиптик билим берүү системасы билим берүүнүн кардарларынын суроо-талаптарын жана жумуш берүүчүлөрдүн тарабынан квалификациялуу адистерге белгиленген муктаждыктарын тийиштүү деңгээлде канааттандыруу мүмкүнчүлүгүн көрсөтүүчү эффективдүү механизмдерге ээ.

Стратегияда билим берүү системасын уюштуруу, жарандардын бардык категориялары үчүн билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү жана сапаты сыяктуу принциптердин сакталаары шексиз деп белгиленет. Билим берүү жана адистерди даярдоо системасы рыноктун талаптарына баш ийет, экономиканын артыкчылыктуу секторлоруна, өлкө региондорунун

өзгөчөлүктөрү менен спецификасына багытталат. Билим берүү системасынын ийкемдүүлүгү мамлекеттин, коомдун жана жекече адамдын суроо-талабына ылайык жооп берүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Кыргыз Республикасында педагогикалык билим берүү жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарында ишке ашырылат.

Азыркы учурда өлкөдө педагогикалык билим берүү боюнча ар түрдүү багыттар жана программаларды 80ге жакын жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдары ишке ашырып жатат. Алардын ичинде педагогикалык багыттагы кээ бир билим берүү программаларын ишке ашырып жаткан ар түрдүү типтеги билим берүү уюмдары да бар.

Кыргыз Республикасында бүтүрүүчүгө бакалавр жана магистр квалифиикациясын (Кыргыз Республикасынын Улуттук квалификациялар алкагынын 6-7-деңгээлдери) ыйгаруу менен ырасталган жогорку кесиптик билим берүүнүн даярдоо багыттарынын жана адистиктеринин тизмеси 8 аталышты камтыйт: 550100 Табият таануу билим берүү; 550200 Физика-математикалык билим берүү; 550300 Филологиялык билим берүү; 550400 Социалдык-экономикалык билим берүү; 550500 Технологиялык билим берүү; 550600 Көркөм билим берүү; 550700 Педагогика; 550800 Кесиптик билим берүү.

Кыргыз Республикасында педагогика тармагында бүтүрүүчүгө ар кандай квалификацияларды ыйгаруу менен ырасталган кесиптик орто билим берүүнүн адистиктеринин тизмеси (КР УКАнын 5-деңгээли) педагогикалык адистиктердин ар кандай коддору боюнча 40тан ашык аталышты камтыйт;

Концепция жогоруда көрсөтүлгөн багыттар жана адистиктер боюнча билим берүү программаларынын жана окутуунун натыйжаларынын сапатына системалуу мониторинг жүргүзүүнү, көзөмөлдөөнү жана талдоону болжолдойт. Бул Концепциянын алкагында төмөнкүлөр сунушталат:

— педагогикалык кадрларды даярдоо программаларынын сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын түзүү, ага объективдүү маалыматтарды жана иш берүүчүлөрдүн жана башка кызыкдар тараптардын пикирин активдүү киргизүү;

— даярдоо системасына, окутуу программаларына киргизилген өзгөртүүлөргө мониторинг жүргүзүү жана орто жана жогорку кесиптик педагогикалык билим берүүнүн натыйжалуулугун талдоо.

Концепциянын маанилүү элементтери болуп билим берүүгө мониторинг жүргүзүү, баалоо жана жакшыртуу процессинде кайтарым байланыш механизмдерин жана коомчулуктун катышуусун өнүктүрүү, ошондой эле билим берүү системасынын натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана баалоо үчүн индикаторлорду жана критерийлерди иштеп чыгуу, жалпысынан кесиптик педагогикалык билим берүүнүн сапатын баалоонун жыйынтыктары боюнча борборлоштурулган маалымат базасын түзүү болушу мүмкүн.

Концепцияны ишке ашырууда педагогикалык билим берүүнүн натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жана баалоонун ар кандай ыкмалары жана инструменттери, анын ичинде окуучулардын, педагогикалык кызматкерлердин жана иш берүүчүлөрдүн пикирлерин эске алуу, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу көрсөткүчтөрү каралат.

Концепция педагогикалык билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, бүтүрүүчүлөрдүн эмгек рыногундагы атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн колдоого жана өлкөдө билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүнү камсыз кылууга тийиш.

## 1. Негизги түшүнүктөр жана аныктамалар

Концепцияда төмөнкү түшүнүктөр жана аныктамалар колдонулат:

**бакалавр** – магистратурага тапшырууга жана кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүүгө укук берүүчү жогорку кесиптик билим берүү квалификациясынын деңгээли;

**дистанттык билим берүү технологиялары** – билим алуучунун жана педагогикалык кызматкердин ортосундагы кыйыр же жарым-жартылай өз ара аракеттенүүдө маалыматтык жана телекоммуникациялык технологиялардын каражаттарын колдонуу менен билим берүү процессинде колдонулуучу технологиялар;

**дуалдык билим берүү** – билим берүү уюмунда теориялык материалды окуунун жана базалык көндүмдөрдү өздөштүрүүнүн үзгүлтүксүз циклин, жумуш ордунда практикалык көндүмдөрдү бекемдөөнү, билим берүү уюмунун, окуучунун жана иш берүүчүнүн бирдей жоопкерчилиги менен окуучуга эмгек акы төлөө мүмкүнчүлүгү менен кесиптик тажрыйба алууну камсыз кылуучу окутуунун түрү;

**жогорку кесиптик билим берүү** – тиешелүү билим берүү программалары жана стандарттары боюнча бакалаврларды, адистерди жана магистрлерди даярдоого жана кайра даярдоого багытталган билим берүү деңгээли;

**инклюзивдик билим берүү** – билим берүү муктаждыктарынын жана жеке мүмкүнчүлүктөрүнүн ар түрдүүлүгүн эске алуу менен бардык окуучулар үчүн билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу; билим берүүнүн сапаты - социалдык жана жеке күтүүлөргө, мамлекеттик билим берүү стандарттарына, кесиптик стандарттарга жана Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык билим берүү программаларына ылайык келүү даражасын чагылдырган билим берүү системасынын, билим берүү уюмунун жана окуучунун жеке билим берүү жетишкендиктеринин комплекстүү мүнөздөмөсү;

**квалификация** - белгиленген үлгүдөгү документ менен тастыкталган, окууга жана кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүн аткарууга даярдыгын мүнөздөгөн билимдердин, көндүмдөрдүн жана социалдык-

инсандык компетенциялардын деңгээли; компетенция - билим берүү даярдыгына карата алдын ала коюлган социалдык талап (норма), окуучунун белгилүү бир чөйрөдөгү натыйжалуу жемиштүү ишмердүүлүгү үчүн зарыл;

**кесиптик стандарт** – белгилүү бир кесиптик ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу жана белгилүү бир эмгек функциясын аткаруу үчүн зарыл болгон квалификациянын мүнөздөмөсү;

**магистр** - аспирантурага (адъюнктурага) жана (же) докторантурага (PhD/профили боюнча) тапшырууга жана кесиптик ишмердүүлүктү жүргүзүүгө укук берүүчү жогорку кесиптик билим берүүнүн квалификациялык деңгээли;

**мамлекеттик билим берүү стандарты** – билим берүү программасынын мазмунунун минимумун, билим берүү деңгээлдери боюнча даярдоого коюлуучу негизги талаптарды, окутуунун максаттарын жана натыйжаларын аныктоочу формалдуу билим берүүгө карата коомдук макулдашылган талаптардын жыйындысы;

**орто кесиптик билим берүү** – окуучулардын негизги, орто жалпы же баштапкы кесиптик билим берүүнүн базасында белгилүү бир адистик (багыт) боюнча кесиптик билимдерди, көндүмдөрдү жана жеке компетенцияларды алуусун камсыз кылууга багытталган билим берүү деңгээли;

**педагогикалык кызматкер** – тиешелүү кесиптик билими жана квалификациясы бар, билим берүү уюмунда иштеген, окуу, тарбиялоо, методикалык, уюштуруучулук, илимий, жетекчилик жана башка билим берүү ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырган жеке жак;

**улуттук квалификациялык рамка** – квалификациялык деңгээлдердин критерийлердин жыйындысына ылайык структураланган сүрөттөлүшү, улуттук квалификациялык подсистемаларды интеграциялоого жана координациялоого багытталган, квалификациялардын салыштырмалуулугун камсыз кылуу жана квалификациянын шайкештигин тастыктоо жана ыйгаруу системасы үчүн негиз болуп саналат.

## 2. Концепциянын максаты жана милдеттери

Концепциянын максаттары:

— педагогикалык билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча жалпы саясатты жана механизмдерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

— педагогикалык билим берүүнү натыйжалуу башкарууну камсыз кылуу жана анын сапатын жогорулатуу.

Концепциянын милдеттери:

— педагогикалык билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын иштеп чыгуу жана киргизүү боюнча бирдиктүү түшүнүктү, жалпы ыкмаларды калыптандыруу;

— педагогикалык билим берүүнүн туруктуу өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүүгө жана билим берүү кызматтарын керектөөчүлөрдүн талаптарына адекваттуу жооп кайтарууга багытталган мониторингдин жана баалоонун негизги багыттарын, негизги милдеттерин жана механизмдерин аныктоо;

— педагогикалык билим берүүнүн мониторинги жана баалоосун иштеп чыгуу, киргизүү жана өркүндөтүү үчүн методологиялык-уюштуруу базасын түзүү;

— педагогикалык билим берүүнүн мониторинги жана баалоо процессинин негизги катышуучуларынын жана объекттеринин ролун, жоопкерчилик зонасын аныктоо;

— мониторинг жана баалоону киргизүүнүн жана өнүктүрүүнүн негизги этаптарын аныктоо;

— сандык жана сапаттык өлчөөчүлөрдү жана индикаторлорду, ошондой эле алардын арналышын жана колдонуу мезгилдүүлүгүн аныктоо.

## 3. Педагогикалык билим берүүнүн сапатына тышкы мониторинг жүргүзүү жана баалоонун максаты жана милдеттери

Педагогикалык билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоонун максаты – педагогика тармагындагы билим берүү программаларынын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын тынымсыз жакшыртуу, ошондой эле өлкөнүн туруктуу өнүгүүсү үчүн орто жана жогорку кесиптик билим берүү мекемелерин эмгек рыногунун өзгөрүп жаткан муктаждыктарына ылайыкташтыруу. Билим берүү процессинин сапатына системалуу түрдө көз салып, билим берүү программаларынын натыйжалуулугун баалап, көйгөйлүү учурларды аныктап, аларды жоюу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу зарыл. Жогорку жана орто педагогикалык кесиптик билим берүүгө мониторинг жүргүзүү жана баалоонун милдеттери төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. Педагогикалык билим берүү уюмдарында окутуу жана үйрөтүү процесстеринин сапатына мониторинг жүргүзүү;

2. Орто жана жогорку кесиптик педагогикалык билим берүү деңгээлдеринде билим берүү максаттарына, окутуунун пландаштырылган натыйжаларына жетүү жана билим берүүнүн сапаты жөнүндө ишенимдүү маалымат алуу үчүн билим берүү программаларынын натыйжалуулугун жана мазмунун объективдүү баалоо;

3. Педагогикалык кызматкерлердин кесиптик өнүгүүсүн жана даярдыгын баалоо;

4. Билим берүү багыттары боюнча МББСтин, билим берүү программаларынын кесиптик стандарттарга, билим берүү чөйрөсүндөгү тармактык квалификациялык рамкага, КР Улуттук квалификациялык рамкасына шайкештигин камсыз кылуу;

Педагогикалык багыттагы билим берүү программаларынын окуу натыйжаларынын МББСке, билим берүү программаларынын максаттарына

ылайык келүүсүн камсыз кылуу; 6. Жакшыртууну талап кылган көйгөйлүү аймактарды аныктоо, башкаруу чечимдерин кабыл алуу, аларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды ишке ашыруу; 6. Чечимдерди кабыл алуу үчүн окуучулардан, иш берүүчүлөрдөн жана башка кызыкдар тараптардан пикирлерди чогултуу; 7. Билим берүүнүн сапатын баалоо үчүн инструменттерди жана методикаларды иштеп чыгуу; 8. Бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болушуна мониторинг жүргүзүү; 9. Билим берүү процессинин катышуучуларынын сапатты баалоонун маанилүүлүгүн түшүнүүсүн жана аны жогорулатууга умтулуусун өнүктүрүү контекстинде педагогикалык кесиптик билим берүүнүн сапат маданиятын калыптандыруу; 10. Мамлекеттик органдарга, коомчулукка, окуучуларга, бизнес-коомчулукка, педагогикалык кызматкерлерге жана иш берүүчүлөргө маалымат берүү.

Билим берүү тармагын натыйжалуу башкарууну камсыз кылуу үчүн мониторинг жана баалоо процесстери ачык-айкын, калыс жана бардык кызыкдар тараптар үчүн жеткиликтүү болушу керек.

## 4. Кесиптик педагогикалык билим берүүнүн тышкы мониторинг жана баалоо принциптери

Мониторинг жана баалоо жүргүзүүдө төмөнкү принциптер сакталууга тийиш:

— текшерилген булактардын жана стандартташтырылган ыкмалардын негизинде маалыматтарды чогултуу жана талдоо аркылуу камсыздалган объективдүүлүк жана аныктык;

— бардык кызыкдар тараптар үчүн түшүнүктүү жана жеткиликтүү баалоо критерийлерин, процедураларын жана натыйжаларын колдонуу аркылуу камсыздалган ачыктык жана айкындуулук;

— үзгүлтүксүздүк жана системалуулук, педагогикалык кызматкерлерди даярдоонун бардык этаптарында үзгүлтүксүз мониторинг жана баалоо аркылуу камсыздалат;

— комплекстүүлүк, окутуу чөйрөсүн жана окутуунун натыйжаларын баалоо аркылуу камсыздалат (бүтүрүүчүлөрдүн компетенциялары, алардын жумушка орношуусу ж.б.);

— бүтүндүк жана МББСга шайкештик, билим берүү процессинин КР УКР, кесиптик стандарттарга жана өлкөнүн стратегиялык документтерине шайкештигин көздөгөн мониторинг жүргүзүү аркылуу камсыздалат;

— билим берүү уюмунун өзгөчөлүгүн жана профилин эске алуу, региондордун өзгөчөлүктөрүн, окутуу формаларын (дистанттык, күндүзгү, дуалдык ж.б.) жана даярдык деңгээлин эске алуу аркылуу камсыздалат;

— натыйжага багыт алуу жана өнүгүү, педагогикалык кызматкерлерди даярдоонун сапатын жакшыртууга жардам берүү жана өсүү зоналарын аныктоо аркылуу камсыздалат;

— салыштырмалуулук жана стандартташтыруу, мониторинг жана баалоонун бирдиктүү ыкмаларын, критерийлерин жана инструменттерин колдонуу аркылуу камсыздалат;

— инновациялуулук жана ийкемдүүлүк, мониторингдин технологиялардын жана билим берүү саясатынын өзгөрүшүнө тез ыңгайлашуусу жана ийкемдүүлүгү аркылуу камсыздалат.

## 5. Кесиптик педагогикалык билим берүүнүн тышкы мониторингин жана баалоосун иштеп чыгуу жана киргизүү механизмдери

Кыргыз Республикасында педагогикалык билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоо процессин иштеп чыгуу жана киргизүү комплекстүү мамилени талап кылат, ал төмөнкү компоненттерди камтышы керек:

5.1. Педагогикалык билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоо процессинин негизги катышуучулары жана алардын функциялары:

5.1.1. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары:

— педагогикалык билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоо боюнча жалпы саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

— мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун ченемдик-укуктук базасын, анын ичинде сапат стандарттарын жана критерийлерин иштеп чыгуу жана бекитүү;

— педагогикалык билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоо бөлүгүндө мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү;

— мамлекеттик деңгээлде мониторинг процессин координациялоо жана стратегиялык чечимдерди кабыл алуу;

— мониторинг жана баалоо процессин каржылоонун механизмдерин жана булактарын аныктоо (издөө) жана методикалык колдоо көрсөтүү.

5.1.2. Кыргыз Республикасынын эмгек чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы жана Жумуш берүүчүлөр ассоциациясы:

— педагогикалык кызматкерлердин тармактык квалификациялык алкагын өркүндөтүү;

— КР УКРнын 5-6-7-деңгээлдеги педагогикалык кызматкерлеринин учурдагы кесиптик стандарттарын өркүндөтүү жана жаңыларын иштеп чыгуу;

— бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болушуна мониторинг жүргүзүү.

5.1.3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин алдындагы Билим берүүнүн сапатын өнүктүрүү департаменти:

— педагогикалык билим берүүнүн сапатына тышкы мониторинг жүргүзүү жана баалоо механизмдерин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

— мониторинг жана баалоо методикаларын, сандык жана сапаттык өлчөөчүлөрдү, индикаторлорду, инструменттерди жана стандарттарды, ошондой эле алардын мезгилдүүлүгүн иштеп чыгуу;

— отчетторду даярдоо, жыйынтыктарды жалпылоо жана педагогикалык билим берүүнүн сапатын жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

— педагогикалык билим берүүнүн сапат маданиятын калыптандыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

5.1.4. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын алдындагы окуу-методикалык бирикмелер:

— педагогикалык адистиктер жана багыттар боюнча ОКББ жана ЖКББ өркүндөтүү;

— окуу китептерин жана окуу-методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу процессин координациялоо;

— педагогдордун үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүн камсыз кылуу;

— педагогдордун чыгармачылык потенциалын стимулдаштыруу жана ишке ашыруу үчүн педагогдорду мотивациялоо системасынын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу.

5.1.5. Педагогикалык чөйрөдөгү программаларды ишке ашыруучу билим берүү уюмдары (ОКББ, ЖКББ):

— билим берүү программаларынын ишке ашырылышын контролдоо, ошондой эле окуу пландарын, методикалык материалдарды, окуучулардын окуу натыйжаларын талдоо;

— билим берүүнүн сапатына ички мониторинг жүргүзүү жана баалоо;

— окуу процесси, билим берүү программалары, окуучулардын кесиптик компетенциялары, педагогикалык кызматкерлердин квалификациясы жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана талдоо жана бүтүрүүчүлөрдү (ишке орноштуруу) көзөмөлдөө;

— педагогикалык кызматкерлер менен кесиптик чеберчиликти жогорулатуу боюнча ишти уюштуруу.

5.1.6. Педагогикалык кызматкерлер:

— билим берүүнүн сапатына ички мониторинг жүргүзүү жана баалоо процедураларына катышуу; — өз ишмердүүлүгү жөнүндө объективдүү маалыматтарды берүү;

— мониторингдин жыйынтыктарынын негизинде квалификацияны жогорулатуу;

— жаңы билим берүү практикаларын киргизүү.

5.1.7. Окуучулар жана бүтүрүүчүлөр:

— билим берүү программалары, педагогикалык кызматкерлер жана инфраструктура боюнча пикир билдирүү;

— окутуунун сапатына канааттануу жана алынган билимдин практикалык баалуулугун баалоо боюнча сурамжылоолорго катышуу.

5.1.8. Жумуш берүүчүлөр:

— кесиптик стандарттарды иштеп чыгууга катышуу жана педагогикалык кызматкерлерди даярдоонун сапатына талаптарды түзүү;

— бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүккө даярдыгын баалоо;

— сурамжылоолорго катышуу жана бүтүрүүчүлөрдүн компетенция деңгээли жөнүндө пикир билдирүү.

5.2. Педагогикалык билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоонун негизги багыттары:

5.2.1. Билим берүү программаларынын сапаты:

— программалардын МББСтарга жана кесиптик стандарттарга шайкештиги;

— окуу пландарынын мазмунунун актуалдуулугу;

— программалардын дисциплиналар аралык жана практикага багытталгандыгы; — заманбап педагогикалык жана санариптик технологияларды колдонуу.

5.2.2. Окутуунун натыйжалары:

— кесиптик компетенциялардын (педагогикалык, методикалык, коммуникативдик, санариптик ж.б.) калыптануу деңгээли;

— окуучулардын жетишкендиги, мотивациясы жана билим берүү процессине катышуусу;

— окуучулардын педагогикалык ишмердүүлүккө жана жумушка орношууга даярдыгы.

5.2.3. Окутуунун сапаты:

— квалификациясы, педагогикалык чеберчилиги жана педагогикалык кызматкерлердин тажрыйбасы;

— окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу;

— окуу материалдарынын жеткиликтүүлүгү жана ар түрдүүлүгү;

— педагогикалык кызматкерлердин илимий, методикалык жана долбоордук ишмердүүлүккө катышуусу.

5.2.4. Билим берүү чөйрөсү:

— билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн материалдык-техникалык база;

— билим берүү ресурстарынын жана маалыматтык системалардын жеткиликтүүлүгү;

— окуучулардын практикасын жана стажировкасын уюштуруу;

— психологиялык-педагогикалык колдоо жана инклюзия.

5.2.5. Жумуш берүүчүлөр менен өз ара аракеттенүү жана бүтүрүүчүлөрдү жумушка орноштуруу:

— билим берүү уюмдары менен кызматташуу (мектептер, бала бакчалар ж.б.);

— даярдыктын жумуш берүүчүлөрдүн талаптарына шайкештиги;

— ар бир билим берүү уюмунда электрондук базаны түзүү менен бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүндө жумушка орношуусуна мониторинг жүргүзүү.

5.2.6. Инновациялар жана өнүгүү:

— инновациялык педагогикалык практикаларды киргизүү;

— илимий, гранттык жана билим берүү долбоорлоруна катышуу;

— санариптик педагогиканы жана инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү.

5.3. Негизги объекттер, баалоо көрсөткүчтөрү жана мониторинг жана баалоо куралдары:

5.3.1. Мониторинг жана баалоонун негизги объекттери болуп билим берүү программасы, окуучулар жана бүтүрүүчүлөр, педагогикалык кызматкерлер, окуу жана материалдык-техникалык база, билим берүү процесси жана эмгек рыногу менен байланышы саналат.

5.3.2. Педагогикалык билим берүүнүн сапатын тышкы мониторинг жана баалоонун негизги баалоо көрсөткүчтөрүнүн топтору:

— билим берүү программаларынын сапатынын көрсөткүчтөрү;

— окуучулардын кесиптик даярдыгынын көрсөткүчтөрү;

— педагогикалык кызматкерлердин билим берүү сапатынын көрсөткүчтөрү;

— окуу жана материалдык-техникалык базанын көрсөткүчтөрү;

— процесстин катышуучуларынын канааттануу көрсөткүчтөрү;

— жумушка орношуу жана кесиптик талаптын көрсөткүчтөрү.

5.3.3. Педагогикалык билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнүн негизги баалоо куралдары педагогикалык даярдыктын ар кандай компоненттери жөнүндө маалыматтарды чогултуу, талдоо жана чечмелөө үчүн колдонулган конкреттүү методдорду, каражаттарды (анкеталоо жана сурамжылоо, интервью жана фокус-группалар ж.б.) жана технологияларды (маалыматтык-коммуникациялык, санариптик ж.б.) билдирет. Ошону менен бирге билим берүү программаларын баалоонун мурунку түрлөрүнүн (аккредитация, рейтинг ж.б.) жыйынтыктары боюнча документтерди талдоо, ошондой эле баалоо шкалаларын иштеп чыгуу зарыл. Куралдардын сапатын жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн алар Департамент тарабынан валидацияланышы керек.

5.3.4. Педагогикалык билим берүүнүн сапатын тышкы мониторинг жана баалоо базасы борборлоштурулган жана ачык болууга тийиш. Маалымат базасы билим берүү процессинин сапатынын ар кандай аспектилерине, анын ичинде бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусуна байланыштуу маалыматтарды үзгүлтүксүз чогултуу, иштеп чыгуу жана талдоо үчүн колдонулган маалыматты системалаштырат.

5.3.5. Педагогикалык билим берүү тармагындагы квалификациялык алкак жана кесиптик стандарттар педагогикалык кызматкерлерди кесиптик жактан даярдоого мониторинг жүргүзүү жана баалоо үчүн маанилүү курал болуп саналат. Алар педагогикалык кызматкер өзүнүн кесиптик милдеттерин ийгиликтүү аткаруусу жана алардын кесиптик компетенттүүлүгүн камсыз кылуусу үчүн зарыл болгон билимди, билгичтикти, көндүмдөрдү жана эмгекке болгон мамилени аныктайт.

5.4. Мониторинг жүргүзүү үчүн зарыл шарт болуп үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүү процесси – педагогикалык кызматкерлерди, билим берүү уюмдарынын кызматкерлерин жана жетекчилерин билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүүнүн жана баалоонун негиздерине, маалыматтарды талдоо ыкмаларына жана билим берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн мониторингдин маалыматтарын натыйжалуу пайдаланууга окутуу жана квалификациясын жогорулатуу саналат.

5.5. Мониторинг жана баалоо процесстери, анын ичинде баалоо куралдары, бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуу көрсөткүчтөрү жана башка компоненттер автоматташтырылып, маалымат базалары бар санарип платформасында сакталууга тийиш, ошондой эле билим берүү уюмдары менен министрликтердин ортосунда маалымат алмашуунун натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн улуттук платформалар (“Түндүк” ж.б.) менен интеграцияланышы керек.

## 6. Мүмкүн болуучу тобокелдиктер

Педагогикалык билим берүүгө мониторинг жана баалоо жүргүзүүдө төмөнкү тобокелдиктер болушу мүмкүн:

1. Уюштуруу тобокелдиктери:

— билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын, орто жана жогорку кесиптик педагогикалык билим берүү уюмдарынын ортосунда зарыл болгон өз ара аракеттенүүнүн жоктугу;

— баалоо куралдарын иштеп чыгуу боюнча өз ара байланышкан иштерди координациялоонун жоктугу мониторинг жана баалоо үчүн негиз катары;

2. Мазмундук тобокелдиктер:

— орто жана жогорку кесиптик педагогикалык билим берүү уюмдарынын тышкы мониторинг жана баалоо системасындагы ролун жана ордун, кызыкдар тараптарды жетиштүү түшүнбөө;

— ушуга байланыштуу орто жана жогорку кесиптик педагогикалык билим берүү уюмдарынын тышкы мониторинг жана баалоо ыкмаларын жана куралдарын натыйжалуу пайдаланууга даяр эместик;

Аталган тобокелдиктерди башкаруу максатында Концепцияны ишке ашыруу процессинде төмөнкүлөр каралышы керек:

— орто жана жогорку кесиптик педагогикалык билим берүү уюмдары менен кеңири маалыматтык-түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

— билим берүү жана илим, агартуу, эмгек чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын, орто жана жогорку кесиптик педагогикалык билим берүү уюмдарынын, ишканалардын жана уюмдардын педагогикалык билим берүүнүн мониторинг жана баалоо процесстерин өнүктүрүү, илгерилетүү боюнча ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүсүн консолидациялоо.

## 7. Концепцияны ишке ашыруу этаптары

**Биринчи этап. Педагогикалык билим берүүнүн сапатына тышкы мониторинг жана баалоо системасын түзүү (2025-жыл, 3-квартал):**

1. Мониторинг жана баалоо боюнча ченемдик-укуктук базаны, анын ичинде сапат стандарттарын жана критерийлерин иштеп чыгуу жана бекитүү;
2. Мониторинг жана баалоонун сандык жана сапаттык өлчөөчүлөрүн, индикаторлорун, инструменттерин жана стандарттарын, ошондой эле алардын мезгилдүүлүгүн иштеп чыгуу жана бекитүү;
3. Билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоо бөлүгүндө мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү;
4. Педагогикалык кызматкерлердин тармактык квалификациялык рамкасын жана кесиптик стандарттарын өркүндөтүү, ошондой эле педагогикалык адистиктер жана багыттар боюнча МББСти аларга ылайык келтирүү;
5. Мониторинг жана баалоо процесстерин санариптештирүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

1. Тышкы мониторинг жана баалоо боюнча ченемдик-укуктук база, анын ичинде стандарттар жана критерийлер бекитилди;
2. Сандык жана сапаттык өлчөөлөр, индикаторлор, тышкы мониторинг жана баалоо куралдары жана стандарттары, ошондой эле алардын багыты жана мезгилдүүлүгү бекитилди;
3. Билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоо, программаларга коюлган талаптар бөлүгүндө мыйзамдарга өзгөртүүлөр киргизилди;
4. Эмгек чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тармактык квалификациялык рамкасынын жана кесиптик стандарттарынын реестрлерине педагогикалык кызматкерлердин тармактык квалификациялык рамкасынын жана КР УКР 5-6-7-деңгээлдеги кесиптик стандарттарынын жакшыртылган версиялары киргизилди;
5. Педагогикалык адистиктер жана багыттар боюнча ЖОЖдун жана ОМБнын МББС кесиптик стандарттарга ылайык келтирилди;
6. Тышкы мониторинг жана баалоо процессинин санариптик платформасы түзүлдү.

**Экинчи этап. Мониторинг жана баалоо жүргүзүү процесстерин пилоттук ишке ашыруу (2026-жыл, 2-квартал):**

1. Педагогикалык билим берүүнүн сапатын тышкы мониторинг жана баалоо процесстерин пилоттук ишке ашыруу;
2. Мониторинг жана баалоо катышуучуларынан кайтарым байланыш чогултуу;

3. Маалыматтарды талдоо, жыйынтыктарды жалпылоо, пилоттук мониторинг жана баалоо боюнча отчетторду даярдоо;

4. Педагогикалык билим берүүнүн сапатын мониторинг жана баалоо механизмин жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

5. Жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын пилоттук педагогикалык кызматкерлеринин, кызматкерлеринин жана жетекчилеринин билим берүүнүн сапатын мониторинг жана баалоо негиздери боюнча квалификациясын жогорулатуу жана аларга консультация берүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

1. 4 пилоттук орто кесиптик жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында (ар бир билим берүү деңгээлинде 2ден) педагогикалык билим берүүнүн сапатына тышкы мониторинг жана баалоо жүргүзүлдү;

2. Кайтарым байланыштын жыйынтыктарынын маалымат базасы түзүлдү;

3. Педагогикалык билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жана баалоо процесстерин жакшыртуу боюнча аналитикалык отчет жана сунуштар даярдалды;

4. Пилоттук орто кесиптик жана жогорку кесиптик педагогикалык билим берүү уюмдарынын тышкы мониторингинин жана билим берүүнүн сапатын баалоонун катышуучулары мониторингдин жана баалоонун негиздерине үйрөтүлдү, ошондой эле консультациялар өткөрүлдү.

**Үчүнчү этап. Кыргыз Республикасы боюнча педагогикалык билим берүүнүн сапатын тышкы мониторинг жана баалоо процесстерин масштабдоо (2026-жылдын 3-кварталынан баштап):**

1. Мониторинг жана педагогикалык билим берүүнүн сапатын баалоо процесстери жөнүндө мамлекеттик органдарды, кеңири коомчулукту, окуучуларды, бизнес-коомчулукту, педагогикалык кызматкерлерди жана иш берүүчүлөрдү маалымдоо;

2. Тышкы мониторингдин жана баалоонун нормативдик-укуктук жана жергиликтүү базасын, анын ичинде сапат стандарттарын жана критерийлерин (зарыл болгон учурда) оңдоо, сунушталган өзгөртүүлөрдү киргизүү, ошондой эле өлкөдөгү билим берүү тутумунун туруктуу жакшырышын камсыз кылуу үчүн алардын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү.

3. Педагогика тармагында билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарына мониторинг жана баалоо процесстерин киргизүү;

4. Педагогикалык жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлерин жана жетекчилерин билим берүүнүн сапатын тышкы мониторинг жана баалоо негиздерине системалуу окутуу жана квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле аларга консультация берүү.

**Күтүлүүчү натыйжалар:**

1. Педагогикалык билим берүүгө тышкы мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө кызыкдар болгон бардык тараптар маалымдалды;

2. Тышкы мониторинг жана баалоонун жергиликтүү ченемдик базасы, анын ичинде сапат стандарттары жана критерийлери, ишке ашыруу мониторингинин концептуалдык негиздери жакшыртылды жана бекитилди;

3. Педагогика тармагындагы билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарына тышкы мониторинг жана баалоо процесстери киргизилди;

4. Педагогикалык билим берүүнүн сапатын тышкы мониторинг жана баалоо процессинин бардык катышуучулары тышкы мониторинг жана баалоонун негиздерине окутулду, консультациялар өткөрүлдү.

5. Ички жана тышкы эмгек рыногунда педагогдордун квалификациясынын салыштырмалуулугун жана таанылышын камсыз кылуу үчүн педагогикалык билим берүүнүн сапаты жогорулады.

**Концепцияда кабыл алынган кыскартуулар:**

**КР УКР –** Кыргыз Республикасынын Улуттук квалификациялык рамкасы;
**МББС** – мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ОКББ** – орто кесиптик билим берүү;
**ЖКББ** – жогорку кесиптик билим берүү.